ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин<br>Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№10 ПРОТОКОЛУ**

*25-май, 2021-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 33 мүчөсү бар.

**Каралуучу маселелер:**

1. Факультеттин эл аралык байланыштары боюнча иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери (*Баяндамачы: МИТ факультетинин эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары, улук окутуучу Г.А.Шамшиева*);
2. Ар түрдүү маселелер;
3. Конкурстук шайлоолор.

**1-маселе.**
Факультеттин эл аралык байланыштары боюнча иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча МИТ факультетинин эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары, улук окутуучу Г.А.Шамшиеванын билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

Биринчи маселе боюнча маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинде 2020-2021 -жыл үчүн эл аралык байланыштар бөлүмүнүн иштеринин жыйынтыктарынын отчету боюнча Г.А.Шамшиеванын баяндамасы жактырылсын жана отчету канааттандыраарлык деп табылсын;

2. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү, кош диплом программаларынын санын көбөйтүү, мобилдүүлүктүн көрсөткүчүн жогорулатылсын (жооптуулар: кафедра башчылары);

3.Эразмус+, Мевлана, УШОС ж.б.у.с. академиялык мобилдүүлүк программаларынын катарын жаңы программалар менен толуктоо. (жооптуулар: кафедра башчылары);

4. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү, кош диплом программаларынын санын көбөйтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);

5. Ар бир кафедра адистиктер боюнча англис тилдүү группалар ачылсын (жооптуулар: кафедра башчылары);

6. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын эл аралык байланыштар бөлүмүнүн орун басары Шамшиева Гүлмира Асилидиновнага жүктөлсүн.

**2-маселе.**
**Ар түрдүү маселелер:**

1) «Мейкиндик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн көнүгүлөр» (авторлор: Г.Матиева, Г.М. Борбоева) жумушчу дептерин басмага сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* Г.Матиева жана Г.М. Борбоеванын «Мейкиндик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн көнүгүлөр » аттуу жумушчу дептери 65 көнүгүдөн турат. Жумушчу дептерде чийме чийүү, сүрөт тартуу, бое көнүгүлөрү көрсөтүлгөн. Жумушчу дептер 5-6 класстын окуучуларынын мейкиндик ой жүгүртүүсүн жана графикалык-конструктивдик көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзүү максатын көздөйт. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар. Ошондуктан, бул окуу колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар Кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

Т О К Т О М

1. Г.Матиева жана Г.М. Борбоеванын «Мейкиндик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн көнүгүлөр» аттуу окуу колдонмосу басмага сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кенешинен суралсын.

2) Матанализ кафедрасынын профессору С. Каримовдун жана кафедранын доценти А. К. Тойгонбаеванын «Дифференциалдык теңдемелер» окуу колдонмосун басмага сунуштоо.

УГУЛДУ:

*Сопуев У.А (факультеттин деканы, доцент):* «Дифференциалдык теңдемелер» аттуу окуу-методикалык колдонмосу жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана факультеттин метод кеңешинин чечими бар.

Аталган окуу колдонмо кафедранын профессору Салы Каримовичтин көп жылдардан бери студенттерге окулуп жүргөн лекцияларынын негизинде түзүлгөн. Окуу колдонмо адистигинде, андан соң физика-математикалык багытынын математика профилинде окуган дифференциалдык теңдемелердин негиздерин, б.а. негизги түшүнүктөрдү жана аныктамаларды, жашоо жалгыздык теоремаларын далилдөөлөрү менен, биринчи жана жогорку тартиптеги дифференциалдык теңдмелердин түрлөрүн жана аларды чыгаруунун методдорун камтыйт, ошондой эле өз алдынча чыгарууга көптөгөн мисалдар менен камсыздалган. Ошондуктан бул колдонмону басмадан чыгаруу керек деп эсептеймин жана басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Анда «Дифференциалдык теңдемелер» окуу колдонмону басмага сунуштайм жана колго салам.

Окумуштуулар кеңешинин калган мүчөлөрү да жогорудагы пикирлерди бир добуштан колдошту.

Т О К Т О М

1. Математикалык анализ кафедрасынын профессору С. Каримовдун жана кафедранын доценти А. К. Тойгонбаеванын «Дифференциалдык теңдемелер» окуу колдонмосу басмага сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кенешинен суралсын.

**3-маселе.**
**Конкурстук шайлоолор:**

1) МИТ факультетинин математиканы, информатиканын окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти Келдибекова Аида Осконовнаны аталган кафедранын башчысы кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

Добуш берүүгө катышкандар – 33

“Макул” – 20 “Каршы” – 12 “Калыс” – жок “Жараксыз” – 1

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин математиканы, информатиканын окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти Келдибекова Аида Осконовна аталган кафедранын башчысы кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;

2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

2) МИТ факультетинин математиканы, информатиканын окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти Оморов Шермамат Дубанаевичти аталган кафедранын башчысы кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

Добуш берүүгө катышкандар – 33

“Макул” – 12 “Каршы” – 20 “Калыс” – жок “Жараксыз” – 1

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин математиканы, информатиканын окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти Оморов Шермамат Дубанаевич аталган кафедранын башчысы кызмат орунга шайланбады деп эсептелсин.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.